# Кредиттер

*(2014-жылдын 12 айы)*

1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы



2014-жылдын январь-декабрь айларында коммерциялык банктардын кредит портфелинин улуттук жана чет өлкө валютасындагы карыз алуулар боюнча пайыздык чендин төмөндөөсүнүн алкагында көбөйүшү байкалган.

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата жыл башынан бери 45,9 пайызга көбөйүү менен 78,8 млрд сомду түзгөн. Мында, кредит портфелинин сом түрүндөгү бөлүгү 33,4 млрд сом өлчөмүндө түптөлүү менен 33,3 пайызга көбөйгөн. Чет өлкө валютасындагы кредиттер көлөмү жыл башынан бери 56,9 пайызга көбөйүү менен 45,4 млрд сомдук эквивалентти түзгөн.

Кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен кароого алынып мезгилдин акырына карата 17,58 пайызды (-1,31 пайыздык пункт), улуттук валютада – 19,60 пайыз (-1,71 пайыздык пункт), чет өлкө валютасында – 16,10 пайызды (-0,82 пайыздык пункт) түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банк тутумунун кредит портфелинин сапаттык мүнөздөмөлөрүнүн бир аз жакшыруусу байкалган. Алсак, мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын үлүшү кредит портфелинин жалпы көлөмүндө 2,2 пайызды түзгөн, ал эми мындай кредиттердин көлөмү жыл башынан бери сандык мааниде 3,9 пайызды түзгөн. Кредит портфелинин жалпы көлөмүндө пролонгацияланган кредиттердин салыштырма салмагы 3,0 пайызды түзгөн (-0,2 пайыздык пункт).

Өз кезегинде, көпчүлүк банктардын портфели айрым тармактарда жогору топтоштурулган. Алсак, банктардын кредит портфелинин тармактарда концентрацияланышын көрсөтүп турган индекс 0,18 түзгөн, бул көпчүлүк банктардын кредиттерин көбүнчө беш тармактын ортосунда бөлүштүрүлүшүнө көрсөтүп турат.

Кредиттөө рыногунун жалпы концентрациялануу көрсөткүчү 0,10 түзгөн, бул рыноктун 10 банктын ортосунда бөлүштүрүлүшүнө эквиваленттүү.

Жыл башынан бери банктардын кредит портфелинин убактылуу түзүмүндө узак жана кыска мөөнөттүү кредиттер көлөмүнүн ар багыттагы жылышы белгиленген. Бирок, кыска мөөнөттүү кредиттердин салыштырма салмагы (бир жылга чейин) 17,0 пайыздан 15,5 пайызга чейин азайган, ал эми узак мөөнөттү кредиттердин салыштырма салмагы – 79,8 пайыздан 82,3 пайызга чейин көбөйгөн. Кредит портфелинин ушул түзүмдүк бөлүштүрүлүшү өз кезегинде дюрация көрсөткүчүнүн 30,6 айга (1,0 айга) чейин көбөйүшүнө алып келген.

2014-жылдын январь-декабрь айларында жаңыдан берилген кредиттердин жалпы көлөмү 79,5 млрд сомду түзгөн, бул 2013-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 34,1 пайызга жогору. Улуттук валютада берилген кредиттер 31,0 пайызга, ал эми чет өлкө валютада – 36,7 пайызга жогорулаган.

**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2013-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 19,78 пайызды түзүү менен 1,35 пайыздык пунктка, чет өлкө валютасында – 2,25 пайыздык пунктка, 14,98 пайызга чейин төмөндөгөн.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




**4-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**



Кароого алынып жаткан мезгил ичинде тармактар боюнча улуттук жана чет өлкө валюталарында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин өзгөрүүсү ар башка багытта болгон. Мында, эң эле төмөн чендер боюнча улуттук валютадагы кредиттер өнөр жайга (мезгил ичинде орточо алынган чен 14,27 пайыз), эң эле жогорку – керектөө кредиттерине (26,65 пайыз) берилген.

Эң эле жогорку чендер боюнча чет өлкө валютасындагы кредиттер керектөө кредиттерине (орточо салмактанып алынган пайыздык чен 19,07 пайыз), ал эми эң эле төмөн чендер боюнча – өнөр жайга (орточо салмактанып алынган пайыздык чен 13,36 пайыз) берилген.